2022-жылдын 25-мартында өткөн № 4-педагогикалык кеңешменин иш жазуусу.

Катышканы-19
Катышпаганы –

Педагогикалык кеңешмени мектеп директору К. Белеков ачып, карала турган күн тартибин белгиледи.

Күн тартибинде:

1. Үчүнчү чейректин жыйынтыгына анализ берүү менен төртүнчү чейректин милдеттерин белгилөө
2. Жылдын жыйынтыгы менен жакшы иштеген мугалимдерди сыйлыкка көрсөтүү

Угулду:

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Койчукеева Элнура билдирүү жасады (билдирүү тиркелет)

Сүйлөндү:

1. Күн тартибиндеги маселе боюнча төмөнкү мугалимдер өз ойлорун айтышты.

1.Исабаева Жамила башталгыч класстар (2-класс) мугалими. Айтылган сунуштарды туура кабыл алам. Бир сабактан «3» чыккан төмөнкү окуучулар менен буга чейин бир нече жолу сүйлөштүм. Бул маселе менен ата-энелери менен да байланышып жаттым. Бирок бул окуучулардын денгээли ушундай экендиги аныкталды. Бул аты аталган үч окуучу тен кыргыз тили сабагынан жетишпейт. Себеби үчөө тең жазуу иштерине келгенде кол жазмалары, кетирген каталары көп болуп, талапка жооп бербей жатат. Сунуштарды жоюнун үстүндө иштеп жатам.

1. Насырынбекова Айдана кыргыз тили
2. Станбеков Абай кыргыз тили
3. Сыражидинов Билал кыргыз тили

2.Акималы кызы Кыял орус тили жана адабияты сабагынын мугалими.
Мага айтылган сунуштар негизинен туура бул сунуштарды жоюунун үстүнөн бул окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында да иштеп жатам. Окуучулар жана ата-энелер менен иштөөнүн атайын планын түзүп жатам. Жыл ичинде ошол планды жетекчиликке алуу менен иш алып барам. Бул айтылган сунуштарды эске алам. Бир сабактан үч чыккан окуучулар менин сабагымда да болду. Булар 2-класстын окуучулары Жолдошбекова Камила жана  Станбеков Баяман, Жунушова Бахияна 4-класстын окуучусу.

3.Джунушбаева Элмира-математика сабагынын мугалими, 9-класстын жетекчиси мен жетектеген класста жалпы 17 окуучу окуйт. Биринчи жарым жылдыкта алардын ичинен 5 окуучу сабакты «жакшы» жана «эн жакшы» деген баага өздөштүргөн ошол себептен билим сапаты 29 % ды түзүп калды. Бир окуучу Карыбаева Айгерим эки сабактан «канааттандырарлык» баага окуп калгандыгына байланыштуу билим сапаты 29 % га түштү. Бул окуучунун ата-энеси жана өзү менен да бир нече жолу сүйлөштүм. Эмки чейректе жетишкенге аракет кылабыз.

Кеңешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

Чечим кабыл алынды:

1. Үчүнчү чейректин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Жогорудагы сунушталган жаны окуу жылынын милдеттери кабыл алынсын.
3. Бардык мугалимдер айтылган сунуштарды жоюнун үстүндө иштөө милдеттендирилсин
4 . Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОББсы Койчукеевага милдеттендирилсин

Сүйлөндү

Экинчи маселе боюнча мектеп директору К. Белеков сөз сүйлөп, жылдын жыйынтыгы менен жакшы иштеген төмөнкү мугалимдерди сыйлыкка көргөздү. Сыйлыкка көргөзүүдө мугалимдердин иштеген ишинин сапаты, педагогикалып стажысы, эки сыйлыктын ортосундагы аралык, мектеп жетекчилиги тапшырган иштерди убагында бүтүргөндүгү жана жаңы иштеген мугалимдердин ишине демилге берүү үчүн өздөрүнө ыңгайлуу сыйлыкка көрсөтүү жагы эске алынды. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен төмөнкү мугалимдер ар кандай деңгээлдеги сыйлыктарга көргөзүлдү.

1. Мектептин ардак грамотасына:
- Джунушбаева Э-математика сабагынын мугалими
- Макешова С - орус тили жана адабияты сабагынын мугалими
2. Суусамыр айыл өкмөтүнүн ардак грамотасына
- Адылбек к Э-география сабагынын мугалими
- Акималы к К- орус тили жана адабияты сабагынын мугалими
3. Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасына
- Табылды к А-чет тили (англ) сабагынын мугалими
4. Жайыл райондук мамлекеттик администрациясынын ардак грамотасына
- Адылбек к Э-география сабагынын мугалими
5. КР билим берүү жана илим министрлигинин ардак грамотасына
- Исабаева Ж-башталгыч класстар мугалими
6. ЖРБББнун кесиптик бирлигинин ардак грамотасына
- Макешова С - орус тили жана адабияты сабагынын мугалими

Угулду:

Күн тартибиндеги маселе боюнча төмөнкү мугалимдер өз ойлорун айтышты.

1. Джунушбаева Элмира математика сабагынын мугалими. Менин оюмча география сабагынын мугалими Адылбек кызы Элнуранын жана башталгыч класстар мугалими Исабаева Жамиланын көрсөтүлгөнү туура болду деп ойлойм. Анткени Элнура «Жыл мугалими-2021» райондук кароо сынагынан 2-орунду алды. Бул сынакта сабак өткөндө көптөгөн жаңы ыкмаларды колдонуп өтүп, жыйынтыгында калыстардын эң жакшы деген баасына татыды. Андан тышкары райондо жана мектепте жаңы ыкмаларды колдонуу боюнча семинар-тренинг да өтүп берди. Жамила эже болсо көп жылдык стажылуу мугалим татыктуу деп ойлойм. Жамила эже сабагында да көптөгөн жаңы ыкмаларды колдонуп жана баардык документтерди өз учурунда бүтүрөт.

2. Дүйшөева Айсулуу башталгыч класстар мугалими. Мен да ушул мугалимдин Талапкерлигин колдойм себеби өткөн ачык сабактары, тарбия сааттары жогорку деңгээлде жаны ыкмаларды колдонуу менен өтөт.

3. Койчукеева Эльнура окуу бөлүмүнүн башчысы, кыргыз тили адабияты сабагынын мугалими. Бул мугалимдин аракети жакшы, иш кагаздарына да так айткан ишти учурунда бүтүрөт. Сабактарын ачык сабактарын жакшы өтөт. Мен дагы каршы эмесмин.

Кеңешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

Чечим кабыл алынды:

1. Төмөнкү мугалимдер көрсөтүлгөн сыйлыктарга татыктуу деп табылсын

1. Мектептин ардак грамотасына:
- Математика сабагынын мугалими Джунушбаева Элмира жана орус тили, адабияты сабагынын мугалими Макешова Сайкал татыктуу деп табылсын
2. Суусамыр айыл өкмөтүнүн ардак грамотасына:
- География сабагынын мугалими Адылбек кызы Элнура жана орус тили, адабияты сабагынын мугалими Акималы кызы Кыял татыктуу деп табылсын
3. Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасына
- Чет тили (англ) сабагынын мугалими Табылды кызы Анаркул татыктуу деп табылсын
4. Жайыл райондук мамлекеттик администрациясынын ардак грамотасына
- География сабагынын мугалими Адылбек кызы Элнура татыктуу деп табылсын
5. КР билим берүү жана илим министрлигинин ардак грамотасына
- Башталгыч класстар мугалими Исабаева Жамила татыктуу деп табылсын
6. ЖРБББнун кесиптик бирлигинин ардак грамотасына
- Орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Макешова Сайкал татыктуу деп табылсын

2.Сыйлыкка көргөзүлгөн мугалимдердин иш кагаздардын 2022-жылдын 20-апрелине чейин даярдоо ОББсы Койчукеевага милдеттендирилсин.

3.Даярдалган иш кагаздарды ЖРБББно 2022-жылдын 30-апрелине чейин тапшыруу мектеп директору К. Белековго милдеттендирилсин

Педагогикалык кеңешменин төрагасы: ________ К. Белеков

Педагогикалык кеңешменин катчысы: ________ Табылды кызы А

2022-жылдын 25-марттында өткөн

№4-педагогикалык кеңешме

Күн тартибиндеги маселе

**1.Үчүнчү чейректин жыйынтыгына анализ берүү менен төртүнчү чейректин милдеттерин белгилөө.**

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында

3-чейректе жалпы 167окуучу окуп,19 мугалим эмгектенди.167 окуучунун 92си кыздар ал эми 75и эркек балдар болду.Чейрек ичинде келген окуучу болгон жок.Кеткен окуучулар 8-класстан Медетбеков Актан жана Жолдошбекова Айдана болду. Чейрек аягында жалпы окуучулардын саны 165 окуучу болду.Билим сапаты жалпы мектеп боюнча үчүнү чейректин жыйынтыгы менен 37%ды түздү.

**Класстардын билим сапаттары төмөндөгүдөй болду.**

| | | |
|---|---|---|
| 2-класс 40% | 5-класс 47% | 8-класс 40% |
| 3-класс 38% | 6-класс 60% | 9-класс 29% |
| 4 -класс 35,7% | 7-класс 31,6% | 10-класс 33% |
| 11-класс 35% | | |

Эң жогорку көрсөткүчтөгү билим сапатты 6-класс 60%ды түздү.

Эң төмөнкү көрсөткүчтөгү билим сапатты 9-класс 29%ды түздү.

**Предметтик билим сапаттар боюнча эң жогорку көрсөткүчтөгү билим сапаттар.**

6-класс тарых сабагы 90% жана 4-класс математика сабагы 71%ды түздү.

## Бир сабактан "3"чыккан окуучулар

| № | ФИО | класс | предмет | мугалим |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жолодошбекова Камила | 2-класс | орус тили | Акималы кызы Кыял |
| 2 | Станбеков Баяман | 2-класс | орус тили | Акималы кызы Кыял |
| 3 | Насырынбекова Айдана | 2-класс | кыргыз тили | Исабаева Жамила |
| 4 | Станбеков Абай | 2-класс | кыргыз тили | Исабаева Жамила |
| 5 | Сыражидинов Билал | 2-класс | кыргыз тили | Исабаева Жамила |
| 6 | Самашов Калыйнур | 3-класс | чет тили | Табылды кызы Анаркүл |
| 7 | Насырынбеков Нурэль | 4-класс | чет тили | Жайчыбекова Зарина |
| 8 | Жунушова Бахияна | 4-класс | орус тили | Акималы кызы Кыял |
| 9 | Дүйшөнбекова Шоола | 4-класс | кыргыз тили | Тойгонбаева Назгүл |

## Окуучулардын өздүк делолору

1-класстан 11-класска чейинки окуучулардын өздүк делолору толук.Даярдоо классынан бир окуучунун өздүк делосу толук эмес.Жумакадырова Аруукенин ПИНи жок.

# Төртүнчү чейректин милдеттерин белгилөө

1.Экинчи жарым жылдыкта жана 4-чейректе берилген ачык сабактарды өз учурунда өтүү.

2.Башталгыч класстар бирикмесинин жумалыгын өткөрүү,билим сапаттарын текшерүү.

3.Класстык журналдарды  жана электронный күндөлүктү убагында так,туура толтуруу.

4.Билим сапаты төмөн болгон класстардын билим сапаттарын көтөрүү үстүндө иш алып баруу.

5.Окуучулардын өздүк делолорун толуктоо.